**Диссертант Сагындык кызы Жанардын "Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы салттуулук жана өздүк чеберчилик маселелери" аттуу филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына экинчи расмий оппоненттик**

## ПИКИР

Кыргыз адабиятында акындар поэзиясы өзгөчө орунда турган адабий салаа. Акындардын чыгармачылыгынын өзүнө тиешелүү: устат-шакирттик, таасирленүү, үйрөнүү аркылуу өз чыгармачылыгынын пайдубалын түзүп, өз багытын түптөө, төкмөлүктү калыпка салуу, акындар арасында өз ордун табуу ж.б. бөтөнчөлүктөрү бар. Төкмө акындар арасында эки доорду көрүп, акындар поэзиясында да, профессионал адабият айдыңында да иштегендердин арасында Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгы бир топ кызыгуу жаратып келет. Бүгүнкү күндө акындын чыгармачылыгын толук комплексттүү кароого алган Сагындык кызы Жанардын диссертациясы киришүүдөн, үч баптан, корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен, тиркемелерден турат. Киришүүдө изилдөөнүн максаты жана милдеттери так жазылып, коргоого төмөнкү жоболорду койгон:

- Алымкул Үсөнбаев – акындар чыгармачылыгында өзүнө ылайык бөтөнчөлүккө ээ төкмө акын.
- Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылык калыптануусу башка акындар сыяктуу эле таасирленүү, үйрөнүү, көнүгүү, элдик лирикалык чыгармаларды аткаруу, жамакчылык, төкмөлүк сыяктуу салттуу эволюциялык жолду улантты.
- Чыгармачылыгы төкмөлүктүн, синкреттүүлүктүн, устат-шакиртчиликтин, поэтикалык салттуулуктун нугунда өнүккөнү менен акындын өзүнө ылайык чыгармачылык өзгөчөлүктү тематика тандоодо, элдик мурастарды, жанрларды жаңы ыкмада иштеп чыгууда, айтуучулукта жарата алды.

ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ ИМ. Ч. АЙТМАТОВА НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 187/06
«12» 04 2022 г.

- Алымкул Үсөнбаев – айтыш өнөрүнүн таланттуу өкүлү.
- Алымкул Үсөнбаев – акындыгы менен бирге мыкты күүчү, обончу, аткаруучу.
- Алымкул Үсөнбаевдин чыгармалары идеялык-тематикалык жактан өзүнө чейинки салттуу темаларды улантып, жанрдык жактан ар түрдүүлүккө ээ.

Иштин киришүү бөлүмүндө изденүүчү КР УАКнын талаптарына ылайык жазылып, теманын актуалдуулугу, максаты жана милдеттери, киргизген жаңылыгы, теоретикалык, практикалык маанилүүлүгүнө байланыштуу коргоого коюлган негизги жоболору тууралуу дыкааттык менен баяндаган.

***Иштин мазмунунда төмөндөгүдөй маселелер каралган:***

Изденүүчү иштин биринчи бөлүгүндө акындын өмүр жолу, эки доордо жашап, чыгармачылыгын токтотпой өнүктүрүп келгени айтылып, элдик оозеки чыгармалардын (фольклордук) таасиринен чыга албай ырларды жаратканы сөз болгон. Изилдөөнүн жүрүшүндө талаш-тартыштуу пикир да жаралган. Ал иштин 14-бетинде С.Байходжоевдин Алымкулдун согуш мезгилинде жараткан ырларына байланыштуу пикиринен улам келип чыккан. Албетте, тандалып алынган иште, сөзсүз, кайчы пикирлердин жаралышы көп тактыкты пайда кылат. Акындын согуш мезгилиндеги ырларында фольклордук мотивдердин, тактап айтканда, фольклордук сүрөттөөлөрдүн кездешиши мыйзам ченемдүү эле көрүнүш болгон. Мындай сүрөттөлөр башка акындардын чыгармачылыгында деле байма-бай кездешкени анык. Ошондой эле иште акындын “Нарикбай” поэмасы тууралуу айтып келип, кыргыз-казак адабий байланышына токтолот. Ал эми таасир маселелесине келгенде да талаш туудурган Үмөтаалы менен Алымкулдун устат-шакиртчилик мүнөзү да жазылган. Мындан сырткары акындын айтыштарга катышып, чыңалышы, өз алдынчалыкка өтүүсү, салттуу өнөрдү улаганы айтылат. Иштин биринчи бөлүмү акындын чыгармачылыкка аралашы, калыптануу жолу изилденип, ишенимдүү далилдер менен тастыкталган.



48

Иштин экинчи бөлүгүндө акындын өздүк чеберчилиги сөз болот. Бул бөлүмдө Алымкулдун Токтогулга шакирт жүргөн мезгили кеңири талданган. Улуу акын менен жаш акындын “Акбаары”, “Экинчи жолугушуу” сыяктуу айтыштарына токтолуп, андан кийин советтик мезгил учурундагы акындын чыгармачылыгын да жазган. Албетте, өнөр адамдары, ошолордун ичинен акындар өз доорунун күзгүсү эмеспи, анын сыңары Алымкул акындын чыгармаларынын арасынан советтик доордун желаргысын байкоого боорун диссертант жакшы түшүнүп, ишинде ачып берүүгө аракет кылган.

Ушул эле бөлүмдө акындын адабий жомокко айландырган “Көзөлшаа”, “Жолборс минген киши”, “Эшектен жолборс” сыяктуу жомокторду талдоого алган. Талдоодон биринчи диссертант элдик жомок менен адабий жомоктун айырмачылыгына токтолгон. Элдик жомокторду адабий жомокко айландырууда автордун үлүшү кандай болот деген суроонун айланасында ой жүгүрткөн. Ушул эле бөлүмдө “Кожожаш”, “Олжобай менен Кишимжан”, “Саринжи-Бөкөй”, “Кедейкан” өңдүү эпосторду карап, Алымкул Үсөнбаевдин вариантынын башка варианттардан айырмачылыгын кеңири ачып, диссертацияга өзүнүн таблица түрүндөгү тиркемесин да берген. Дал ушул жерге келгенде варианттуулукту жаратуу тууралуу маселе чыгат. Диссертант теориялык булактарды, маселен, А.Лорддун, А.Обозкановдун эмгектерин ыктуу пайдалануу менен жогорудагы Алымкул Үсөнбаевдин вариантын адабий талдоого аракети үзүрлүү чыккан. Белгилүү О.Соороновдун “Кожожаш”, “Олжобай менен Кишимжан”, “Саринжи-Бөкөй”, “Кедейкан” эпостору боюнча А.Үсөнбаевди айтуучу катары кабыл алуу керек, акын жогорудагы эпосторду Токтогулга шакирт жүргөн мезгилде үйрөнгөн, Токтогулдун ысымы эскерилбей калып жатат деген пикирине кайчы пикир жазып, эпосторду айтууда акын өз вариантын жаратканын белгилейт. Жөн гана белгилебестен, окумуштуулардын, изилдөөчүлөрдүн ой-пикир, тыянактары менен “операция” жасап, диссертант да өз пикирин жазган. Анығында, ар бир үйрөнчүк акын тажрыйбасы мол, эл арасына таанылган

Токтогул сыяктуу акындардын катарында жүрүп, алардын болгон бүткөн талантынан азыктанып, өз боюна сиңиришет. Алымкул да Токтогулдун жанында жүрүп, шакирт катары бай тажрыйбага ээ болгон да, чыгармачылыгы бышкан мезгилде “Кожожаш”, “Олжобай менен Кишимжан”, “Саринжи-Бөкөй”, “Кедейкан” эпосторун айтып, өз вариантын жарата алган. Диссертант “Кожожаш” эпосуна келгенде Алымкулдун вариантын С.Конокбаев менен Т.Жээнтаевдин варианттары менен, “Олжобай менен Кишимжан” эпосун С.Сакетаев, М.Кабыловдун варианттары менен, “Саринжи-Бөкөй” эпосун С.Конокбаевдин, ал эми “Кедейкан” эпосун К.Акиевдин айтуусундагы Токтогулдун варианты менен салыштырган. Акыркы эпоско келгенде, Токтогул Сатылганов менен А.Үсөнбаевдин вариантынын салыштырылышы жогорудагы О.Соороновдун пикирине каршы айтылган ойдун негизи болгонун көрөбүз.

Диссертациянын үчүнчү бөлүгүндө акындын ар түрдүү жанрдагы чыгармалары каралат. Акын бир эле учурда фольклордук жанрдагы ырлар менен катар профессионалдык поэзиядагы темаларды да иштегенин далилдүү жазат. Терме, санат-насыят, айтыш, кошок ырлары менен катар акындардын чыгармачылыгында түбөлүктүү темага айланган ***аккан суу*** жана табият, сүйүү, философиялык духтагы ырларын диссертант ыр түзүлүшү боюнча талдап, ырларынын көркөмдүк сапаты тууралуу кеңири жазган. Акындын өзгөчөлүктөрүнүн бири балдар темасы. Ал жаш жеткинчектер үчүн “Бөбөктөр”, “Лыжа тепкен кыз”, “Иниме” ж.б. ырларын жазган жана бул ырлар тууралуу да изилдөөчү өз пикирин билдирген. Ушул эле бөлүмдө акындын чыгармачылыгындагы советтик доордун чагылдырылышы каралган. Өз доорунун жарчысы катары “Москва”, “Ленин”, “Партия”, “Жыргап жатат элибиз”, “Жыйырма жылдык октябрга арнап” ж.б.у.с. ырлары талданган. Диссертанттын артыкчылыгы, жогорудагы ырларды санактап айтып койбостон, өз пикирин билдиргенинде. Диссертант акындын советтик түзүлүш, доор тууралуу жазылган ырларында берилгендик,

шыктануучулук, өзгөчөлүктүн байкалбаганын байкап жазат. Демек, диссертант тандап алган темасын сүйүп иштеген. Жетишинче материалдар менен кеңири таанышкан. Диссертант Алымкул Үсөнбаевдин бейнесин, чыгармачылык жолун ачып берүүдө үй бүлөлүк архив менен тааныш болгон, атасынын жолун улаган З.Үсөнбаев менен диалогдо болгон. Бул да болсо, тандалып алынган теманы ачып берүүдөгү да бир толук кандуу булактын ролун аткарган.

***Сунуш жана пикир.*** Изденүүчү алган илимий темасын ачып бере алган, ошентсе да сунуш катары бир катар жагдайларды айткым келет. Иштин биринчи бөлүгүндө 29-бетте карама-каршылыктуу пикир жараткан Үмөтаалы менен Алымкулдун устат-шакирт маселеси тууралуу изилдөөчүлөр Г.Орозованын пикирине токтолсо, экинчи булак катары Алымкулдун уулу Замирбек Үсөнбаевдин пикирине токтолот. Албетте, жогорудагы эки пикирдин бири-бирине карама-каршы келип турганын айтат да, өз оюн билдирген эмес. Сагындык кызы Жанар атайы акынды изилдөөнүн обьектиси катары алып жаткандан кийин көз карандысыз өз оюн билдирүүсү шарт.

Иштин экинчи бөлүгүндө эпосторду карап, вариант тууралуу жазып жатканында Алымкул акындын варианты катары эпостордун көркөмдүк жагына кеңири токтолсо да жакшы болмок. Иште “Олжобай менен Кишимжан”, “Саринжи-Бөкөй”, “Кедейкан” эпосторунун башка варианттардан сюжеттик айырмачылыгына маани көп берилген да, каармандардын көркөм иштелиши, тропптун түрлөрү өңдүү көркөмдүк маселелер көлөкөдө калып калган.

Үчүнчү бөлүмдө акындык профессионалдык адабиятта иштегенин көрсөтүү максатында “Ысык-Көл”, “Биринчи бригада”, “Айкүмүш” поэмалары бар деген деп санактаганы менен, поэмалардын сюжеттик-композициялык жагын кенири талдоого алган эмес. Үч поэманы 116-бетте, башкача айтканда, бир гана бетте карап, жыйынтыкты кыска берген. Ырас, эки доорду көрүп, эки доордо жашап, чыгармачылыгын уланткан акын,

төкмөлүктү жана профессионалдык адабият деген эки тизгинди бир кармаган деп айтууга аракет кылган сон, поэма деп аталган адабий түрдү жаратканын, акындын поэма деп атаган чыгармалары чындыгында поэма боло алганбы деген маселени тактап койсо, абдан жакшы болмок.

Жыйынтыктай келгенде изденүүчүнүн илимий ой жүгүртүп, адабий талдоо жүргүзүүсү, жалпы жыйынтыктарды чыгара билүүсү колдоого алаарлык. Диссертация илимий-теориялык, методологиялык негиздерге тиешелүү деңгээлде аткарылган. Иштеги техникалык, стилистикалык каталарды эске албаганда, иш УАКтын талаптарына жооп берет деп айткым келет. Изденүүчү Сагындык кызы Жанардын "Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы салттуулук жана өздүк чеберчилик маселелери" аттуу филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы алган темасын системалуу жана комплекстүү изилдөөгө алган иш деп баалоо менен экинчи расмий оппонент катары Сагындык кызы Жанарды 10.01.01.-кыргыз адабияты, 10.01.09-фольклористика боюнча филилология илимдеринин кандидаты деген окумуштуулук даражага татыктуу деп эсептейм.

Экинчи расмий оппонент,

филология илимдеринин кандидаты,

доцент Н.А.Казакова

Копия верна

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ "АЛА-ТОО" ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ МЕКЕМЕСИ
КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ
HUMAN RESOURCES
ИНН 02702199710063